***<u>Баткен облустук  статистика башкармалыгы</u>***

# *Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы*

## *январь-февраль*

*(тез аралык маалымат)*

## *Айлык чыгарылыш*

**Баткен-2025**

# Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы

Редакциялык-басмалык Кеңеш:

Төрага - Ысмайылов С.М.

Мүчөлөрү: -Закиров Ж.Д.
-Салиева У.С.
-Сатыбалдиева Д.М.
-Кожоев А.А.

Ушул басылмага байланыштуу суроолор боюнча төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Баткен ш. Н.Дыйканов көчөсү, 1; телефон: (0-3622) 5-01-40, факс 5-02-49;
e-mail: batstat1@mail.ru;
Баткен облустук статистика башкармалыгы.

**Баткен облусунун социалдык-экономикалык абалы** басылмасы ыкчам маалыматтардын негизинде 2025-жылдын январь-февраль айларындагы облустун экономикасынын абалын реалдуу, мамлекеттик, финансалык, тышкы жана социалдык секторлор менен кошо талдоону камтыйт. Тиркемелерде толук статистикалык таблицалар берилди. Мурунку жылдары жарыяланган көрсөткүчтөрдүн ордуна такталган маалыматтар берилди. Ай сайын чыгарылат.

Тиражы 20 нуска.

Пайдалануучулар расмий статистиканын маалыматтарын жана тиешелүү метамаалыматтарды пайдаланууда алардын булагына шилтеме берүүгө милдеттүү (“Расмий статистика жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Бул басылманын маалыматтарын жаңылоонун акыркы күнү: 2025-жылдын 14-марты.

**Шарттуу белгилер:**

- кубулуш болгон эмес;

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмасы, алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

## М А З М У Н У


| | | |
|---|---|---|
| **I** | **Облустун социалдык -экономикалык абалы……………………………** | 4 |
| **II** | **Негизги социалдык-экономикалык көрсөткүчтөр…………………….** | 5 |
| **III** | **Сектордук обзор……………………………………………………..** | 6 |
| | **Реалдуу сектор……………………………………………………….** | 6 |
| | Өнөр жайы………………………………………………………… | 6 |
| | Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы…………………….. | 7 |
| | Капиталдык салым………………………………………………... | 7 |
| | Турак жай.................................................................................... | 8 |
| | Чет өлкөлүк инвестициялар.......................................................... | 7 |
| | Транспорт жана байланыш……………………………………….. | 8 |
| | Тейлөө рыногу…………………………………………………….. | 8 |
| | Керектөө рыногу…………………………………………………... | 8 |
| | Кызмат көрсөтүү........................................................................ | 8 |
| | Эмгек рыногу жана эмгек акы……..……………………………… | 9 |
| | Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси…………………………… | 9 |
| | Баалардын жана тарифтердин индекси…………………………….. | 10 |
| **IV** | **Мамлекеттик сектор….……………………………………………** | 11 |
| | Финансы……………………………………………………………. | 11 |
| **V** | **Социалдык сектор……………………………………………………..** | 12 |
| | Демографиялык жагдай.................................................................. | 12 |
| | Калктын оорулары........................................................................ | 12 |
| | Укук бузуулар.............................................................................. | 13 |
| | **Тиркеме………………………………………………………………** | 14 |

## ОБЛУСТУН 2025-ЖЫЛДЫН ЯНВАРЬ-ФЕВРАЛЬ АЙЛАРЫНДАГЫ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК АБАЛЫ

Облусубуздун өнөр-жай ишканалары тарабынан 2025-жылдын январь-февраль айларында 1504350,5 миң сомдук продукция өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 139,9 пайызды түздү.

Айыл-чарбасы, аңчылык жана токой чарбасынын продукциясынын дүн чыгарылышы 2025-жылдын январь-февраль айларында 1711,3 млн. сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 100,7 пайызды түздү.

Облустун аймактарында капиталдык салымдардын иштетилиши үстүбүздөгү 2025-жылдын январь-февраль айларында 364742,2 миң сомго барабар болду, бул өткөн жылдын ушул мезгилине карата 101,6 пайызды түздү.

2024-жылдын январь-февраль айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 10441,0 чарчы метр болгон 78 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын январь-декабрь айларынын денгээлине салыштырмалуу 68,3 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 246002,4 миң сомду түздү.

Транспорттун бардык түрү менен үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айларында 230,1 миң тонна жүк ташылып, 2024-жылдын январь-февраль айларына салыштырмалуу 102,6 пайызга барабар болду. Жүргүнчүлөрдү ташуунун көлөмү 44247,8 миң жүргүнчү км болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 105,9 пайызды түздү.

Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2025-жылдын январь-февраль айларында 5457571,6 миң сомду түзүп, 2024-жылдын январь-февраль айынын денгээлинен 8,9 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) 2025-жылдын январь-февраль айларында 4345591,3 миң сомду түздү жана салыштырма баада 2024-жылдын январь-февраль айларынын деңгээлинен 7,9 пайызга өскөн.

Калкка кызмат көрсөтүүнүн көлөмү ушул жылдын январь-февраль айларында 1111980,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,1 пайызга өскөн.

Инфляция деңгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси ушул жылдын январь-февраль айларын 2024-жылдын январь-февраль айларына салыштырганда 105,9 пайызды, ал эми ушул жылдын февраль айын 2024-жылдын декабрь айына салыштырганда 101,4 пайызды түздү.

Облус боюнча 2025-жылдын январь айында бир айлык орточо эмгек акы 28818,6 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 8,3 пайызга өскөн.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2025-жылдын январь-февраль айларында облуста санитардык-эпидемиологиялык абал өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу, бактериялуу дизентерия, ичегинин өткүр инфекциясы, респиративдүү оорууларынын өскөндүгү байкалат. Ал эми бактериалуу минингит, вирустуу гепатит А түрү, эпидемиялык паротит, жаныбарлардын тиштеп алуусу, бруцеллез, эхинококкоз, аскаридоз, сифилис жана котур оорууларынын төмөндөшү менен мүнөздөлдү.

## II. НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ЭКОНОМИКАЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨР

| | 2025ж. январь-февраль айларында | 2025ж. февраль айы 2024ж. февраль айына карата пайыз менен | 2025-жылдын январь-февраль айлары 2024-жылдын январь-февраль айларына карата пайыз менен |
|---|---|---|---|
| **Экономикалык индикаторлор** | | | |
| Өнөр жай продукциясынын көлөмү-бардыгы, миң сом | 1504350,5 | 130,6 | 139,9 |
| Айыл чарба, аңчылык жана токой чарба продукциясынын дүн чыгарылышы, млн. сом | 1711,3 | 100,7 | 100,7 |
| Негизги капиталга инвестициялар, миң сом | 364742,2 | 102,3 | 101,6 |
| Ишке киргизилген турак-жай, ч. м. | 246002,4 | 68,3 | 68,3 |
| Жүк ташуу көлөмү, миң тонна | 230,1 | 101,2 | 102,6 |
| Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү, миң жүргүнчү км | 44247,8 | 101,1 | 105,9 |
| Рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү-бардыгы, миң сом | 5457571,6 | 117,7 | 108,9 |
| Чекене соода жүргүзүүнүн көлөмү, миң сом | 4345591,3 | 114,4 | 107,9 |
| Кызмат көрсөтүүнүн көлөмү, миң сом | 1111980,3 | 132,6 | 105,1 |
| Бир кызматкердин номиналдык, орточо айлык эмгек акысы, сом | 28818,6[1)] | 108,3[2)] | 108,3[3)] |

[1)] 2025ж. январь
[2)] 2025ж. январь
[3)] 2025ж. январь

# III. СЕКТОРДУК ОБЗОР

## РЕАЛДУУ СЕКТОР

**Өнөр жайы.** Облус боюнча 2025-жылдын январь-февраль айларына 1504350,5 миң сомдук өнөр жай продукциялары өндүрүлүп, физикалык көлөмдүн индекси 139,9 пайызды түздү.

Иштетүү өнөр жайынын өндүрүшүнүн көлөмү 480095,8 миң сомду түзүп, жалпы өндүрүлгөн өнөр жай продукцияларынын 31,9 пайызын, пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы 629729,7 миң сомду же 41,9 пайызын, электр энергиясын жана газды өндүрүү 364707,5 миң сомду же 24,2 пайызын, чогултуп тазартылган сууну бөлүштүрүү 29817,5 миң сомду же 2,0 пайызды түздү.

*Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайында* ушул жылдын январь-февраль айларында 629729,7 миң сомдук өнөр жай продукциясы өндүрүлүп, жалпы тармак боюнча физикалык көлөмдүн индекси 167,4 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айларында 227907 тонна көмүр казылып алынып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 106214,6 тоннага көп көмүр өндүрүлгөн.

*Иштетүү өнөр жай* өндүрүшүнүн көлөмү 480095,8 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 123,7 пайызды түздү. Жалпы көлөмдүн ичинен тамак аш азыктары, суусундуктар менен тамекини кошкондо 182154,6 миң сомду (көлөмдүн 37,9 пайызын), текстил жана тигүү өндүрүшү 11936,6 миң сомду (көлөмдүн 2,5 пайызын), целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү 3836,0 миң сомду (көлөмдүн 1,0 пайызын), башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү 204514,2 миң сомду (көлөмдүн 42,6 пайызын), металлургия өндүрүшүнүн продукциясы жана даяр метал буюмдарынын өндүрүшү 11134,0 миң сомду (2,3 пайызын), өнөр жайдын башка түрлөрү 29102,2 миң сомду (6,1 пайызын) түздү.

*Тамак-аш азыктарын* өндүрүү боюнча тармактын физикалык көлөмүнүн индекси ичимдиктер менен тамекини кошкондо үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айында өткөн жылдын январь айларына салыштырмалуу физикалык көлөмдүн индекси 130,5 пайызды түздү.

Үй-эмеректерин жасоо 23,1 пайызга, жаны бышкан нан 2,1 пайызга, тазартылган күрүч 5,1 пайызга, кондитердик азыктар 7,0 пайызга, топтолгон жана тазаланган суу 7,7 пайызга, эт азыктары 0,3 пайызга көп өндүрүлгөн.

*2025-жылдын январь-февраль айларында текстил жана тигүү өнөр жайында* чыгарылган продукциянын көлөмү 11936,6 миң сомду түздү, же мурунку жылдын январь-февраль айларындагы денгээлге караганда физикалык көлөмдүн индекси 257,4 пайызды түздү.

*Металлургия өнөр жайынын* жана даяр металл буюмдарынын өндүрүшүндө январь-февраль айларында 11134,0 миң сомдук продукция чыгарылды, индекси өткөн жылдын январь айларына салыштырганда физикалык көлөмдүн индекси 155,6 пайызды түздү.

*Электр энергиясын, газды өндүрүү көлөмү январь-февраль* айларында 364707,5 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси 127,5 пайызды, сууну топтоо, тазалоо жана бөлүштүрүү, калдыктарды иштетүү 29817,5 миң сом болуп, физикалык көлөмдүн индекси өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 116,5 пайызды түздү.

Өнөр жай продукциясынын физикалык көлөмүнүн индексинин өзгөрүү динамикасы

(жылдын башынан бери өсүүчү жыйынтык боюнча)



Экономикалык ишмердиктин түрү боюнча өнөр-жай тармактарынын үлүшү иш жүзүндөгү баада % менен




**<u>Айыл чарбасы, аңчылык жана токой чарбасы.</u>** 2025-жылдын январь-февраль айларында айыл чарбасында өндүрүлгөн дүң продукциянын көлөмү 1711,3 млн. сом болуп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 100,7 пайызды түздү.

Үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айларында 4119,9 тонна эт, 9368,8 тонна сүт, 1267,5 миң даана жумуртка өндүрүлүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу эт өндүрүү 0,4, сүт өндүрүү 0,8, жумуртка өндүрүү 17,4 пайызга өскөн.

Райондор боюнча: Эт өндүрүү Баткен районунда 1,3, Лейлек районунда 0,7, Кызыл-Кыя шаарында 0,2, Сүлүктү шаарында 3,5 пайызга жогорулаган. Ал эми Кадамжай району өткөн жылдын деңгээлинде калган, Баткен шаарында 4,2 пайызга азайган. Сүт өндүрүү Баткен районунда 1,8, Кадамжай районунда 1,0, Лейлек районунда 0,4, Кызыл-Кыя шаарында 0,4, Сүлүктү шаарында 4,2 пайызга жогорулаган. Ал эми Баткен шаарында 5,0 пайызга аз өндүрүлгөн. Жумуртканы Баткен району 20,6, Кадамжай району 10,0, Лейлек району 1,5, Баткен шаары 16,7, Кызыл-Кыя шаары 0,1, Сүлүктү шаары 200,0 пайызга көп өндүргөн.

**<u>Капиталдык салым.</u>** 2025-жылдын январь-февраль айларында 364732,2 миң сомдук капиталдык салымдар сарпталып, 2024-жылдын ушул мезгилине карата 101,6 пайызды түздү. Капиталдык салымдар Лейлек районунда 13,2 пайызга, Кадамжай районунда 6,5 пайызга өскөн. Ал эми Баткен районунда 57,6 пайызга, Баткен шаарында 2,7 пайызга, Сүлүктү шаарында 37,3 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 11,1 пайызга төмөндөгөн. Каржылоонун негизги булактарын республикалык бюджет жана калктын каражаты түздү.

Капиталдык салымдардын көлөмү
(миң сом)




**<u>Турак жай.</u>** 2025-жылдын январь-февраль айларында турак жай курулушунда жалпы аянты 10441 чарчы метр болгон 78 квартира пайдаланууга берилди, же өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 68,3 пайызды түздү. Турак жай курулушуна сарпталган жалпы чыгым 246002,4 миң сомду түздү. Сарпталган жалпы чыгым өздүк турак жай курулуштарына жумшалган.

**<u>Чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү, аймактар боюнча.</u>** Чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү облус боюнча 2024-жылдын январь-декабрь айларында 76161,0 миң АКШ долларын түзүп, өткөн 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,2 эсеге өскөн. Негизинен Кадамжай районунда 1515,9 эсеге, Баткен районунда 6,4 пайызга өскөн. Лейлек районунда 76,0 пайызга, Кызыл-Кыя шаарында 89,7 пайызга төмөндөгөн. Ал эми Баткен жана Сүлүктү шаарлары боюнча чет өлкөлүк инвестициялар тартылган эмес.

Тике чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү облус боюнча 2024-жылдын январь-декабрь айларында 43046,8 миң АКШ долларын түзүп, өткөн 2023-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 318,2 эсеге өскөн. Кадамжай районунда 146,7 эсеге жана Лейлек районунда 339,2 эсеге өскөн. Баткен району, Баткен, Кызыл-Кыя жана Сүлүктү шаарлары боюнча тике чет өлкөлүк инвестициялар тартылган эмес.

**Транспорт жана байланыш.** 2025-жылдын январь-февраль айларында автомобилдик транспорт аркылуу жүк ташуу көлөмү 230,1 миң тонна болуп, өткөн жылдын январь-февраль айына салыштырмалуу 102,6 пайызды түздү.

2025-жылдын январь-февраль айларында жүргүнчү автомобиль транспортунун бардык түрү менен 2129,7 миң адам ташылды. Автомобиль транспортунун бардык түрү менен аткарылган жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 44247,8 миң жүргүнчү-км түздү (2024-жылдын январь-февраль айларына салыштырмалуу 105,9 пайызды түздү).

Жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүүсү 2025-жылдын январь-февраль айларында жеке жактардын транспорту жана Баткен, Кызыл-Кыя шаарларынын муниципалдык ишканалары тарабынан жүргүзүлгөн.

***Тейлөө рыногу.*** Чарба жүргүзүүчү субьектилер (юридикалык жактар жана жеке адамдар) тарабынан көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү 2025-жылдын январь-февраль айларында 5457571,6 миң сомду түзүп, 2024-жылдын январь-февраль айларына салыштырмалуу 8,9 пайызга, анын ичинен калкка көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөр 4238734,6 миң сом болуп 9,5 пайызга өскөн.

***Керектөө рыногу.*** Соода, автомобилдерди, күйүүчү майларын дүң соодасы, турмуш тиричилик буюмдарынын жана жеке керектелүүчү буюмдарды оңдоонун жүгүртүүсү үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айларында 4063239,6 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 10,8 пайызга өскөн.

Автомобилдерди жана күйүүчү майларды сатуу киргизилбегенде, чекене сооданын жүгүртүүсү 1880041,3 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 3,2 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 46,3 пайызды түздү.

Автомобилдерди, мотоциклдерди, автомобил тетиктерин, шаймандарын жана бөлүктөрүн сатуу көлөмүнүн жүгүртүүсү ушул жылдын январь-февраль айларында 7300,0 миң сом суммасында аныкталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,9 пайызга өскөн.

Күйүүчү майлардын чекене соода жүгүртүүсү ушул жылдын январь-февраль айларында 1488614,0 миң сомду түздү, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 14,4 пайызга өскөн.

Чекене товар жүгүртүүнүн жалпы көлөмү (коомдук тамактанууну кошкондо) ушул жылдын январь-февраль айларында 4345591,3 миң сом суммасында калыптанып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 7,9 пайызга өскөн.

***Кызмат көрсөтүү.*** Үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айларында 1111980,3 миң сом суммасында калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүлүп, анын көлөмү өткөн жылдын денгээлине салыштырмалуу 5,1 пайызга өскөн.

Транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо 146213,4 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,2 пайызга өскөн.

Маалымат жана байланыш ушул жылдын январь-февраль айларында 20272,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1,5 пайызга төмөндөгөн.

Финансылык ортомчулук жана камсыздоо ушул жылдын январь-февраль айларында 584554,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 3,7 пайызга өскөн, анын жалпы көлөмдөгү үлүшү 52,6 пайызды түздү.

Кыймылсыз мүлк операциялары ушул жылдын январь-февраль айларында 59474,0 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6,2 пайызга төмөндөгөн.

Илимий, техникалык адистиктеги ишмердүүлүк ушул жылдын январь-февраль айларында 44499,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 6,3 пайызга төмөндөгөн.

Мамлекеттик жана көмөкчү ишмердүүлүк ушул жылдын январь-февраль айларында 6888,5 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 2,4 пайызга төмөндөгөн.

Билим берүү ушул жылдын январь-февраль айларында 140214,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 5,5 пайызга төмөндөгөн.

Саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү ушул жылдын январь-февраль айларында 68333,8 миң сомду түзүп, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 2,5 эсеге өскөн.

Маданий, көңүл ачуу жана дем алуу ушул жылдын январь-февраль айларында 9810,2 миң сомду түзүп, өткөн жылдын дэңгээлинде калды.

**Эмгек рыногу жана эмгек акы.** Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын берген маалыматы боюнча 2025-жылдын 1-мартына карата жумуш издеп кезекте турган эмгекке жарамдуу жумушсуз калктын саны 11631 адамды түздү, анын ичинен 8096 адам жумушсуздук статусун алган.

Февраль айында профессионалдык окуудан өткөндөрдүн саны 102 адамды түздү. 2025-жылдын 1-мартына карата 926 жумушчу орун болду. Бир бош жумуш ордуна 13 адам туура келди.

Облус боюнча 2025-жылдын январь айында бир айлык орточо эмгек акы 28818,6 сом өлчөмүндө калыптанып, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырганда 8,3 пайызга өскөн.

Эмгек акы январь айында өткөн жылдын тийиштүү айына салыштырмалуу тоокен казуу тармагында, өнөр жайды кайра иштетүү тармагында, электр энергия, газ, кондиционердик аба жана буу менен камсыз кылуу, дүң жана чекене соода; автомобилдерди, турмуш-тиричилик жана жеке колдонулуучу буюмдарды оңдоо, транспорт ишмердиги жана жүктөрдү сактоо, финансалык ортомчулук жана камсыздандыруу, кыймылсыз мүлк менен иш жүргүзүү административдик жана көмөкчү чарба, мамлекеттик башкаруу жана коргонуу; милдеттүү социалдык камсыздоо, билим берүү тармагында, саламаттыкты сактоо жана социалдык тейлөөлөрдү көрсөтүү, маданий көңүл ачуу, дем алуу тармактары боюнча өсүү болгон. Ал эми токой чарбасы, айыл чарба жана балыкчылык тармагында 9,5 пайызга, сууну тазалоо, калдыктарды кайра иштетүү жана өндүрүү тармагында 11,6 пайызга, курулуш тармагында 27,9 пайызга, информация жана байланыш 13,4 пайызга, илимий техникалык адистиктеги ишмердүүлүк тармагында 9,5 пайызга төмөндөгөн.

Республиканын Улуттук банкы аныктаган валютанын официалдуу курсуна жараша орточо эмгек акы 2025-жылдын январь айында 329,5 долларды түздү.

2025-жылдын 1-февралына карата эмгек акыны төлөп берүү карызы облус боюнча 2680,0 миң сомду түзүп, өткөн айга салыштырмалуу 44,4 пайызга өскөн. Эмгек акы төлөө боюнча карыз Кадамжай районунда 37,3 пайызды, Кызыл-Кыя шаарында 62,7 пайызды түзөт.

Официалдуу катталган жумушсуздардын саны, (адам)




**Өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси.** Айыл-чарба продукциясынын баалары үстүбүздөгү жылдын январь-февраль айларында өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 110,5 пайызды, ал эми мал чарба продукциясы 105,3 пайызды, талаачылыктан алынган продукция 118,0 пайызды түздү.

Өнөр-жай продукцияларынын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси 2025-жылдын февраль айында өткөн жылдын февраль айына салыштырмалуу 111,2 пайызды түздү. Ал эми 2025-жылдын январь-февраль айлары өткөн жылдын январь-февраль айларына салыштырмалуу 108,3 пайызды түздү.

**Баалардын жана тарифтердин индекси.** Инфляция денгээлин мүнөздөөчү керектөө бааларынын индекси үстүбүзөгү жылдын январь-февраль айларында өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 105,9 пайызды түздү, ал эми үстүбүздөгү жылдын февраль айын 2024-жылдын декабрь айына салыштырганда 101,4 пайызды түздү.

Ушул жылдын февраль айында өткөн айга салыштырмалуу жогорку сорт ун 3,4 пайызга, 1-сорт ун 1,9 пайызга, уйдун эти 5,5 пайызга, койдун эти 7,0.пайызга, жумуртка 0,2 пайызга, күн карама майы 1,4 пайызга кымбаттаган. Ал эми калган азыктар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк товарларынын негизги түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Жогорку сорт ун | 1-сорт ун | Нан | Макарон азыктары | Уйдун эти | Койдун эти | Сүт | Жумуртка | Күн карама майы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 96,4 | 93,1 | 98,9 | 95,1 | 113,3 | 100,0 | 100,0 | 88,0 | 112,0 |
| февраль | 103,4 | 101,9 | 100,0 | 100,0 | 105,5 | 107,0 | 100,0 | 100,2 | 101,4 |

Жашылча-жемиштердин бааларынан өткөн айга салыштырмалуу картошка 0,6 пайызга жогорулаган, калган бардык азыктар өз ордунда калган.

**Жашылча жемиш продукцияларынын айрым түрлөрүнүн бааларынын индекси**

*(өткөн айга карата пайыз менен)*

| | Пияз | Картошка | Сабиз | Алма | Кургатылган өрүк | Грек жаңгагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| январь | 109,5 | 150,5 | 112,0 | 72,0 | 86,0 | 100,0 |
| февраль | 100,0 | 100,6 | 100,0 | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

Үстүбүздөгү жылдын февраль айында өткөн январь айына салыштырмалуу күйүүчү-майлоочу материалдар 1,1 пайызга, бензин 1,0 пайызга төмөндөгөн. Калган азык-түлүк товарлар өз ордунда калган.

**Азык-түлүк эмес товарлардын айрым топторунун жана түрлөрүнүн бааларынын индекси**

(пайыз менен)

| | 2025ж. январь-февралы 2024ж. январь-февралына карата | 2025ж февралы 2024ж. декабрына карата | 2025ж февралы 2025ж. январына карата |
|---|---|---|---|
| Кийим | 99,7 | 100,0 | 100,0 |
| а.и.кийим тигүү үчүн материалдар | 94,2 | 100,0 | 100,0 |
| Бут кийим | 118,1 | 100,0 | 100,0 |
| Турак-жайларды күтүү жана оңдоо үчүн материалдар | 103,6 | 100,0 | 100,0 |
| Суу менен камсыз кылуу (муздак суу) | 114,3 | 100,0 | 100,0 |
| Катуу отун | 145,2 | 100,0 | 100,0 |
| Күйүүчү-майлоочу материалдар | 101,7 | 97,1 | 98,9 |
| Бензин | 101,9 | 97,1 | 99,0 |
| Үй тиричилик буюмдары, тиричилик техника | 101,3 | 100,0 | 100,0 |
| Фармацевтикалык продукциялар | 125,9 | 100,0 | 100,0 |
| Газеталар жана мезгилдүү басылмалар | 118,1 | 100,0 | 100,0 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 109,0 | 99,9 | 100,0 |

Тейлөөлөр өткөн айга салыштырганда үстүбүздөгү жылдын февраль айында бардык тейлөөлөр өз ордунда калган.

**Тейлөөлөрдүн айрым топторунун жана түрлөрүнүн тарифтеринин индекси.**

(пайыз менен)

| | 2025ж. январь-февралы 2024ж. январь-февралына карата | 2025ж февралы 2024ж. декабрына карата | 2025ж февралы 2025ж. январына карата |
|---|---|---|---|
| Амбулаториялык тейлөөлөр | [illegible] | 100,0 | 100,0 |
| Жүргүнчү транспортунун тейлөөсү | | | |
| Байланыш тейлөөсү | 100,0 | 100,0 | 100,0 |
| Маданий иш чараларды уюштуруу боюнча тейлөөлөр | 96,0 | 100,0 | 100,0 |
| Билим берүү тейлөөсү | 131,4 | 100,0 | 100,0 |
| Мейманкалардын жана ресторандардын тейлөөлөрү | 104,0 | 100,0 | 100,0 |
| Чач тарач тейлөөлөрү | 93,5 | 100,0 | 100,0 |
| Укуктук мүнөздөгү тейлөөлөр | 100,0 | 100,0 | 100,0 |

**Керектөө бааларынын индекси**

(Өткөн жылга салыштырмалуу, % менен)




## МАМЛЕКЕТТИК СЕКТОР

**Финансы.** Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин борбордук казына бөлүмүнүн маалыматы боюнча 2025-жылдын январь айында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү, официалдуу трансферттерди кошкондо 110,1 млн. сом өлчөмүндө аныкталып, өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 91,2 пайызга аткарылган.

Республикалык бюджеттин киреше бөлүгү 290,8 млн. сомду түзүп, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 30,8 пайызга, ал эми чыгашалар 18,4 пайызга өскөн.

Облустук жергиликтүү бюджет 2025-жылдын январь айында профицит менен аткарылган (кирешелер чыгашалардан көп).

2025-жылдын январь айында жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнө 68,1 млн. сом өлчөмүндө салык төлөмдөрү түшүп, өткөн жылга салыштырмалуу салыктан түшүүлөр 16,0 пайызга азайган. Киреше жана пайда салыгы 15,7 пайызга, жеке адамдардын төлөгөн киреше салыгы 15,2 пайызга, менчиктен түшкөн салыктын өлчөмү 20 пайызга, кыймылсыз мүлк салыгы 45,0 пайызга, жер салыгы 13,0 пайызга жана товарлардын жана тейлөөлөрдүн салыгы 4,0 пайызга төмөндөгөн. Соодадан жана акысына көрсөтүлүүчү тейлөөлөрдөн жана бирдиктүү салыктар боюнча түшүүлөр боюнча салык түшкөн эмес.

Облустук бюджеттин киреше бөлүгүндө салыктан тышкары кирешенин өскөнү байкалды. Алсак 2024-жылдын январь айында жалпы кирешенин 7,6 пайызын түзгөн болсо, ал эми 2025-жылдын январь айында 13,3 пайызын түздү. Салыктан тышкары кирешенин басымдуу бөлүгүн менчиктен түшкөн киреше жана проценттерден түшкөн кирешелер түздү, же жалпы салыктан тышкары кирешенин 77,8 пайызын түзөт.

Облустук бюджетте официалдык трансферттик түшүүлөр көлөмү бардык түшүүлөрдүн 25,9 пайызын түзөт, же өткөн жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 6,6 пайызга азайган.

Облустук бюджеттин чыгаша бөлүгү 2025-жылдын январь айында 10,5 млн. сомду түзүп, 2024-жылдын тийиштүү мезгилине салыштырмалуу 8,4 пайызга азайган. Чыгашалардын 47,0 турак жай жана комуналдык тейлөөлөргө, 0,7 пайызы эс алуу, маданият жана дин тармагына жана 52,3 пайызы жалпы багыттагы мамлекеттик тейлөөлөр, коргоо жана коомдук тартипти сактоого жумшалды.

## СОЦИАЛДЫК СЕКТОР

**Демографиялык жагдай.** 2025-жылдын январь айында Баткен облусу боюнча 1080 бала төрөлүп (өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда 115 балага азайган), же калктын 1000 не 21,4 баланы түздү. Бул мезгилдин ичинде 204 адам өлгөн (2024-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 58 адамга азайган), же калктын 1000 не алганда 4,0 адамды түздү. Калктын табигий өсүүсү 876 адамды, же 1000 кишиге 17,4 түздү.

2025-жылдын январь айында 7 кичинекей балдардын өлүмү катталып, өлүм көрсөткүчү 6,5 промиллди түздү (1000 тирүү төрөлгөн балага карата бир жашка чейинки курактагы өлгөн балдардын саны). Өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 1 жашка чейинки балдардын өлүмү 2 балага өскөн.

**Калктын оорулары**. Акыркы жылдары облусубузда жүргүзүлүп жаткан айыл жерлерин таза суу менен камсыз кылуу иштери жана *иммунопрофилактикалык комплекстер* полиомелит, брюшной тиф ооруларынын азайышына алып келди.

Облустук санитардык-эпидемиологиялык станциянын маалыматы боюнча 2025-жылдын январь-февраль айларында облуста *ичеги-карын ооруларынан* салмонелез инфекциясы менен ооругандар катталган жок. Бактериялуу дизентерия менен 8 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 4,0 эсеге өскөн, ал эми ичегинин өткүр инфекциясы менен 139 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 63,5 пайызга өскөн.

*Вирустуу гепатит оорусу* менен 556 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 28,9 пайызга, анын ичинен гепатиттин А түрү менен 556 оорулу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 28,8 пайызга төмөндөгөн, ал эми эпидемиялык паротит менен ооругандар катталган жок.

*Жаратылыштын жана жаныбарлардын инфекциясынан ооругандар төмөнкүдөй байкалат* жаныбарлардын тиштеп алуусу менен 77 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 31,2 пайызга, эхинококкоз оорусу менен 2 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 66,7 пайызга жана аскаридоз менен 101 оорулуу катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 8,2 пайызга төмөндөгөн.

*Паразитардык оорулардан* котур оорусу менен 10 учур катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 41,2 пайызга төмөндөгөн. Ал эми сифилис, гонорея жана педикулез ооруусу менен ооругандар катталган жок.

*Аба аркылуу жугуучу өткүр респиративдүү оорулар* менен 7581 оорулуу адам катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 51,6 пайызга өскөн. Ал эми кургак учук менен ооруган 41 адам катталды.

**Укук бузуулар.** Облустук прокуратура тарабынан берилген маалымат боюнча 2025-жылдын январь айында облус боюнча 80 кылмыш иши катталып, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 33,3 пайызга же 40 кылмышка азайган. Бардык катталган кылмыштардын ичинен; алдамчылык 7, ээнбаштык 4, уурулук 13, кызматтык кылмыштар 3, экономика тармагында 4 кылмыш, 3 жол–транспорт кырсыктары катталган. 2025-жылдын январь айында 53 адам кылмыш иши менен кармалган. Бул көрсөткүч өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 19 адамга өскөн.

Кылмыш иши менен кармалгандардын ичинен: аялдар 5, ишкерлер 1, эч жерде иштебеген жана окубагандар 46, мектеп окуучулары 1, жогорку жана атайын орто окуу жайларынын окуучулары 1 түздү. Ал эми кызматкерлер катталган жок.

**Облустук статистика башкармалыгынын жетекчиси: С. Ысмайылов**

| | | бети |
|---|---|---|
| | Реалдык сектор | |
| 1 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү……………. | 15 |
| 2 | Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн көлөмү………......................……..…............. | 16 |
| 3 | Өнөр жай продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү……...................................………............. | 16 |
| 4 | Аймак боюнча негизги продукцияларды өндүрүү………………………. ……………………………. | 17 |
| | Айыл чарбасы | |
| 5 | Айыл чарба продукцияларынын негизги түрлөрүнүн өндүрүлүшү.……………………………………… | 18 |
| 6 | Аймак боюнча мал чарба продукцияларынын негизги түрлөрүн өндүрүү..……………………………......... | 18 |
| | Капиталдык курулуш | |
| 7 | Облустун аймактарында ишке киргизилген негизги фонддор.......................................................…... | 19 |
| 8 | Облус боюнча негизги капиталга инвестициялар | 19 |
| 9 | Аймактар боюнча негизги капиталга каржылоонун булактары боюнча инвестициялар............................. | 19 |
| 10 | Аймактар боюнча өз күчтөрү менен аткарылган подрядтык жумуштардын көлөмү.................................. | 20 |
| 11 | Облус боюнча турак-жай курулушунун аткарылышы, ……………………………………………………. | 20 |
| 12 | Калктын эсебинен турак үйлөрдүн ишке киргизилиши.......................................................................…...... | 21 |
| 13 | Чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү, аймактар боюнча .............................................................. | 21 |
| 14 | Тике чет өлкөлүк инвестициялардын келип түшүүсү, аймактар боюнча ..................................................... | 21 |
| | Транспорт | |
| 15 | Автомобиль транспортунун негизги көрсөткүчтөрү………………………………………………………. | 22 |
| 16 | Аймак боюнча автомобиль транспорту менен жүк ташуу жана жүргүнчүлөрдү ташуунун жүгүртүлүшү | 22 |
| | Тейлөө рыногу | |
| 17 | Көрсөтүлгөн рыноктук тейлөөлөрдүн көлөмү………………………………………………………………. | 23 |
| | Керектөө рыногу | |
| 18 | Сооданын экономикалык ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы…..............……….......... | 23 |
| 19 | Бардык каналдар боюнча товар жүгүртүүнүн көлөмү, коомдук тамактануу чөйрөсүн кошкондо.............. | 24 |
| 20 | Аймактар боюнча акы алып кызмат көрсөтүүнүн көлөмү…………………………………………….. | 24 |
| 21 | Калкка акысына тейлөөлөр көрсөтүү, ишмердиктин бардык каналдар боюнча таркатылышы................. | 25 |
| | Эмгек жана эмгек акы | |
| 22 | Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча кызматкерлердин орточо айлык эмгек акылары ............ | 26 |
| 23 | Район жана шаарлар боюнча кызматкерлердин саны жана орточо айлык эмгек акылары, акыркы айда | 27 |
| 24 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында катталган жумушсуздар саны...................................................................................................................................... | 27 |
| 25 | Баткен райондор аралык Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында жумушсуздук статусун алгандар саны............................................................................................................................. | 28 |
| | Мамлекеттик сектор | |
| 26 | Облус боюнча республикалык бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………... | 29 |
| 27 | Облус боюнча республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………… | 29 |
| 28 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы …………………………........ | 30 |
| 29 | Облус боюнча жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы ……………………………....... | 30 |
| | Социалдык сектор | |
| 30 | Калктын өлүмү жана табигый өсүү көрсөткүчтөрү........................................................................................ | 31 |
| 31 | Калктын төрөөлүү, өлүү жана табигий өсүүсү боюнча катышы.........................................................…..... | 31 |
| 32 | Жаш балдардын өлүмү.................................................................................................................................. | 31 |
| 33 | Облус боюнча жаш балдардын өлүмүнүн катышы........................................................................................ | 31 |
| 34 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы......................................................................................... | 32 |
| 35 | Никеге катталуу жана ажырашуулардын катышы......................................................................................... | 32 |
| 36 | Жугуштуу жана мите оорулары менен ооруган калктын саны………………………………………… | 32 |
| 37 | Катталган кылмыштар саны…………………………………………………………………………….. | 33 |
| 38 | Жынысы жана жашы боюнча кылмыш кылгандар………………………………………………………. | 33 |
| 39 | Кесиби боюнча кылмыш кылгандар……………………………………………………………………. | 33 |

## РЕАЛДЫК СЕКТОР

Таблица 1. **Экономикалык ишмердиктин түрлөрү боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2025-жылдын январь-февраль айлары**

( миң сом)

| | 2024 | 2025 | Физикалык көлөмдүн индекси |
|---|---|---|---|
| **Бардыгы** | **1067816,2** | **1504350,5** | **139,9** |
| **I. Пайдалуу кендерди казуу өнөр жайы** | **341048,5** | **629729,7** | **167,4** |
| 1. Күрөн көмүр, лигнит жана чым көң өндүрүү | 302062,4 | 552149,4 | 187,3 |
| 2. Иштетилбеген мунайзат жана жаратылыш газын өндүрүү | 38609,0 | 75491,4 | 106,7 |
| 3.Металл рудасын өндүрүү | | | |
| -түстүү металл рудасын өндүрүү | - | - | - |
| 4. Тоо-кен казуу өнөр жайынын башка тармактары | 377,1 | 2088,9 | 198,1 |
| **II. Иштетүү өнөр жайы** | **403133,9** | **480095,8** | **123,7** |
| 1.Тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди тамекини кошкондо | 125609,4 | 182154,6 | 130,5 |
| -тамак-аш азыктарын өндүрүү, ичимдиктерди кошкондо | 124646,4 | 135835,9 | 102,6 |
| -суусундук өндүрүү | - | 45339,9 | - |
| 2. Текстил жана тигүү өндүрүшү | 15376,5 | 11936,6 | 257,4 |
| -текстил өндүрүшү | 3820,4 | 1848,6 | 290,7 |
| -кийим тигүү, терини бойоо үчүн даярдоо | 11209,7 | 9313,6 | 144,0 |
| -булгаары, булгаарыдан жасалган буюмдар өндүрүшү жана бут кийим өндүрүшү | 346,4 | 774,4 | 144,0 |
| 3. Целлюлоза-кагаз, жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү | 4682,3 | 3836,0 | 104,7 |
| -жыгачты кайра иштетүү жана жыгач буюмдарын өндүрүү ишмердиги | 4527,3 | 3681,0 | 104,7 |
| -басма жана полиграфиялык ишмердик, жазылган маалыматтарды көбөйтүү | 155,0 | 155,0 | 100,0 |
| 4. Химия өндүрүшү | 16754,0 | 37294,8 | 173,7 |
| 5. Башка металл эмес минералдык продуктуларын, резина жана пластмасса буюмдарын өндүрүү | 205327,6 | 204514,2 | 103,5 |
| 6. Металлургия өндүрүшү жана даяр металл буюмдарын өндүрүү | 10532,9 | 11134,0 | 155,6 |
| 8. Электр жабдууларын өндүрүү | 61,7 | 123,4 | - |
| **III. Электр энергиясын жана газды өндүрүү жана бөлүштүрүү** | **301020,9** | **364707,5** | **127,5** |
| **IV. Сууну топтоо, тазалоо, бөлүштүрүү калдыктарды иштетүү.** | **22612,9** | **29817,5** | **116,5** |

Таблица 2. **Аймактар боюнча өнөр жай продукцияларын өндүрүү көлөмү 2025-жылдын январь-февраль айлары**

(миң сом)

| | 2024 | 2025 | Физикалык көлөмдүн индекси | |
|---|---|---|---|---|
| | | | отчеттук айдын өткөн жылдын отчеттук айына карата | отчеттук мезгилдин өткөн жылдын отчеттук мезгилине карата |
| **Область боюнча:** | **1067816,2** | **1504350,5** | **130,6** | **139,9** |
| Электр энергиясыз райондор: | 785252,3 | 1155465,2 | 140,4 | 144,2 |
| Баткен | 10918,7 | 62425,3 | 568,2 | 486,9 |
| Кадамжай | 220281,0 | 391846,4 | 156,0 | 160,3 |
| Лейлек | 101723,3 | 128398,6 | 89,4 | 98,0 |
| шаарлар: | | | | |
| Баткен | 300480,3 | 376809,0 | 105,6 | 124,0 |
